Кыргыз Республикасы 2006-жылдын 16-мартындагы № 77 "Элдик кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо жөнүндө" мыйзамы

Бишкек шаары
2006-жылдын 16-марты № 77

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## Элдик кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо жөнүндө

2006-жылдын 23-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандырууну жана өнүктүрүүнү колдоого алууга багытталган.

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшү улуттук байлыктын жана Кыргыз Республикасында жашаган калктын элдик чыгармачылыгынын жана маданиятынын ажырагыс бир формасын түюндурат.

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн сактоо, жандандыруу жана өнүктүрүү мамлекеттик маанилүү маселе болуп саналат.

### 1-статья. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуучу предмети

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо жаатындагы мамилелерди жөнгө салат. Уюштуруучулук-укуктук формаларына жана менчик формаларына карабастан элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшү менен алектенген жеке жана юридикалык жактар аталган мамилелердин катышуучулары болуп саналышат.

### 2-статья. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн өнүктүрүү жаатындагы мамилелерди укуктук жөнгө салуу

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн өнүктүрүү жаатындагы мамилелерди укуктук жөнгө салуу мыйзамдуу бекитилген тартипте эл аралык келишимдердин күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна, ушул Мыйзамга жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына негизделет.

Интеллектуалдык иш объектилерин укуктук коргоого жана пайдаланууга тиешелүү элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш тармагындагы мамилелер Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жөнүндөгү мыйзамы менен жөнгө салынат.

### 3-статья. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөндөгүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдары - аталган өндүрүштүн салттарына ылайык даярдалган утилитардык же (жана) декоративдик багыттагы көркөм буюмдар;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн чебери - элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн белгилүү буюмдарын анын салттарына ылайык жасаган жана энтамга укугуна ээ жеке жак;

элдик чыгармачылык - бул элдин маданий мурасын, жашоо-турмушун, дүйнө таанымын, мүдөөсүн жана сан кылымдык тарыхый тажрыйбанын натыйжасында калыптанган улуттук өзүн-өзү аңдоонун формаларын чагылдырган элдин чыгармачылык ишинин түрү;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшү - белгилүү аймакта чеберлердин колу менен адамдын өзү жана рынок үчүн арналган утилитардык жана (же) декоративдик багыттагы көркөм буюмдарды чеберлер кол кызматы жана (же) механизацияны пайдалануу менен элдик чеберчилик салттарды улап өнүктүрүү жана өздөштүрүү салттарынын негизинде ишке ашырган элдик чыгармачылыктын бир формасы;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш буюмдарынын типтүү үлгүлөрү - бекитилген тартипте кайрадан жаратууга дайындалган, анын ичинде чыгар-

мачылык вариантташтырууну колдонуу менен даяр буюм, сүрөт (схемалар, типтүү композиция), макеттер (моделдер) катарындагы үлгүлөр;

чыгармачылык вариантташтыруу - элдик чыгармачылыктын ачылышынын бир формасы, элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн буюмдарын анын типтүү үлгүлөрүнө салыштырмалуу даярдоонун сапатын жана чыгармачылык деңгээлин төмөндөтүүгө алып келбеген буюмга пластикалык, орнаменттик, түстүүлүк, композициялык жана башка чыгармачылык өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү кайра жаратуунун негизги ыкмасын түшүндүрөт.

4-статья. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн өнүктүрүүнү, жандандырууну жана сактоону мамлекеттик колдоого алуу

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары Кыргыз Республикасындагы элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо үчүн социалдык, экономикалык жана башка зарыл шарттарын камсыз кылууга милдеттүү, анын ичинде:

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн кайра жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоонун максаттуу программаларын кабыл алышат;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо максатындагы инвестициялык долбоорлордун жүзөгө ашырылышына көмөктөшөт;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш фонддорун түзүүгө көмөктөшөт;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш жаатындагы иш-аракеттерди жүзөгө ашыргандар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү жеңилдиктерди белгилешет;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн кызматчыларын окутууну, даярдоону жана кайра даярдоону камсыз кылат;

Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары жерлерде элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн өнүктүрүүнү пропагандалоону, анын ичинде көргөзмөлөрдү, конкурстарды, аукциондорду, элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдарынын адистештирилген соодасын, ушул багытта сырткы экономикалык иш-аракеттерди жана эл аралык алмашууларды уюштуруу аркылуу пропагандалоону жүзөгө ашырат;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн өнүктүрүү жаатындагы коммерциялык эмес уюмдардын ишин колдоого алышат;

элдик көркөм кол өнөрчүлүктү сактоо боюнча жана чыгармачыл кызматкерлер өз иштерин жүзөгө ашырууда чараларды кабыл алышат;

элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн мамлекеттик колдоого алуунун башка формаларын белгилешет.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо маселелерин ар тараптан колдоого алууга жана чечүүгө активдүү катышууга милдеттүү.

3. Жалпыга билим берүү уюмдарында каралган "Көркөм өнөр" (башталгыч мектеп) жана "Эмгекке үйрөтүү" (5-9-класстар) предметтеринин он пайыздан кем эмес окутуу сааттары элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүн үйрөтүүгө багытталууга тийиш.

Эл чеберлеринин чыгармачыл бирликтери жана мектептер жалпыга билим берүү уюмдарында кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүшөт.

5-статья. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшү менен алектенген адамдардын милдети

Элдик көркөм өнөрчүлүк өндүрүш салттарын кайра жандандыруу, өнүктүрүү жана сактоо элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшү менен алектенген адамдардын негизги милдети болуп саналат.

6-статья. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн чебери

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн чебери юридикалык же (жана) жеке жак менен тиешелүү келишимдин (контракттын) шартында өзүнүн иш-аракеттерин жүзөгө ашырууга укуктуу.

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн чебери бир эле убакытта элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүндө жасаган буюмдары аркылуу интелектуалдык иштин натыйжасынын автору боло алат.

7-статья. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш жаатындагы караниет атаандаштыктан коргоо

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш жаатындагы иш-аракеттерди жүзөгө ашырган жеке жана юридикалык жактардын укуктары, эгерде алар караниет атаандаштыктан, анын ичинде интелектуалдык иш-аракеттердин натыйжасын мыйзамсыз пайдалануу менен товарларды сатуу жана ушуга барабар эле юридикалык жактын каражаттарын жекелештирүү же элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн продукциясын жекелештирүү, ошондой эле башка элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн чыгармачылык-стилдик өзгөчөлүктөрүн мыйзамсыз өздөштүрүү менен товарларды сатуудан бузулса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте корголот.

8-статья. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдары

1. Элдик көркөм кол өнөрчүлук өндүрүшүнүн өндүрүлүүчү буюмдарынын түрлөрүнүн жана топторунун тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

2. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдарына төмөнкүлөр кирбейт:

коздоп кол менен түйүү, тордоо же буюмдарды кол менен коздоонун башка түрлөрү менен айкалыштырылбай машина-автоматтар ыкмасы аркылуу түйүлүп даярдалган буюмдары;

буюмдарды кол менен коздоону айкалыштырбай фотосүрөт ыкмасы аркылуу коздолгон кездеме буюмдары;

кол менен жасалуучу жумуштарды айкалыштырбай машина менен даярдалган кездемелерден жасалган буюмдар, килемдер жана килем буюмдары;

кийин чеканкалабай, оюу түшүрбөй, сүрөт түшүрбөй, металлдарды ойдурбай же металлды кол менен коздоп иштетүүнүн башка ыкмаларын колдонбой мом моделдери боюнча штамптоо жана куюу жолу менен даярдалгандардан башка металл жана ювилердик буюмдары;

куюп кийин сүрөт түшүрүлбөй, жабыштыруусуз же башка кол менен коздоо ыкмаларын колдонбой даярдалган керамикалык буюмдары;

тепчип-тордоочу машине-автоматтарда же жарым автоматтарда кол менен же тордоочу жарым автоматтарда же чыгармачылык менен аткарып жана түрүн өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн тордоочу машинелерде бүткөрүлгөн буюмдары.

3. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк өндүрүш буюмдарына кошуу маселелери боюнча чечимдер сотко даттанылышы мүмкүн.

9-статья. Ушул Мыйзамдын ишке киргизилиши

1. Ушул Мыйзам расмий жарыялангандан үч айдан кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Мыйзам күчүнө кирген күндөн баштап үч айдын ичинде:

- ушул Мыйзам менен өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ылайыкташтыруу;

- ушул Мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү сунуштарын даярдап жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүү;

- ушул Мыйзамды жүзөгө ашырууну камсыз кыла турган зарыл ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

- элдик көркөм кол көнөрчүлүк өндүрүшүнүн кесипчилик күнүн белгилөө тапшырылсын.

Кыргыз Республикасынын
Президенти К.Бакиев